**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**МАНАС
ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР
КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**МАНАССКИЙ
ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ
ДЕПУТАТОВ**

**«12»-июнь 2026-жыл**

**X чакырылыш
кезектеги XXVII сессия**

**ТОКТОМ №6 ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Манас шаарынын мэриясынын Т.Тайгараев атындагы жана М.Конгантиев атындагы муниципалдык аймактык башкармалыктарындагы жайыт жерлердин иш планын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 21-беренесине ылайык, Манас шаарынын мэриясынын 2026-жылдын 22-майындагы чыг.№01-18/3207 сандуу катты шаардык кеңештин бюджет, экономика, каржы жана салыктар боюнча туруктуу комиссиясында карап, комиссиянын корутундусуна ылайык, Манас шаардык депутаттар кеңешинин кезектеги XXVII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Манас шаарынын Т.Тайгараев атындагы жана М.Конгантиев атындагы муниципалдык аймактык башкармалыктарындагы жайыт пайдалануунун 2026-жылга карата иш планы 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Манас шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгынын башчысына (Э.Омошев) жайыт пайдалануунун иш планы боюнча иш алып баруу жагы жүктөлсүн.
3. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүүгө жиберүү жагы шаардык кенештин жооптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагын шаардык кенештин бюджет, экономика, каржы жана салыктар боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.
5. Ушул токтом Манас шаардык депутаттар кеңешинин www.manas-kenesh.gov.kg расмий сайтында жарыялангандан тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Талант у.А.**

Манас шаардык депутаттар
кеңешинин 12-июнь 2026-жылдагы
кезектеги XXVII сессиясынын
№6-токтомунун 1-тиркемеси

**Жайыттарды ар жылдык пайдалануу боюнча 2026-жылга карата иш планы**

**Манас шаарындагы жайыт жерлердин аянттары**

| № | Көрсөткүчтөр | Аянты |
|---|---|---|
| 1 | Жайыт | 4736 га |
| 2 | Кунарсыз жайыт | 1665 га |
| | **Жалпы аянты** | **6401 га** |

**Жайыт пайдалануу сезону**

| № | Сезондор | Мал жаюу/ колдо багуу мөөнөтүү | Күндүн саны | эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жазгы | 01.04.2026. 01.05.2026 | 61 | Жаз мезгилинен кеч күзгө чейин мал жандыктары жайыттарда багылат |
| 2 | Жайкы | 01.05.2026. 31.10.2026 | 92 | |
| 3 | Күзгү | 01.10.2026. 31.12.2026 | 91 | |

**Манас шаарынын аймагындагы алыскы жана жакынкы жайыттар**

| № | Жайгашкан жери | Аянты га | Жайыттардын жайгашкан жери |
|---|---|---|---|
| | Негизги участок | 385 | Айыл ичинде жайгашкан жайыттар |
| 1 | Эшме участок | 2292 | Жакынкы |
| 2 | Маркай участок | 270 | Жакынкы |
| 3 | Багыш участок | 193 | Жакынкы |
| 4 | Сасык-Булак участок | 20 | Жакынкы |
| 5 | Кашка-Суу участок | 490 | Алыскы |
| 6 | Саз участок | 1348 | Алыскы |
| 7 | Урумбаш участок | 345 | Алыскы |
| 8 | Аубек участок | 313 | Алыскы |
| 9 | Тоо-Кызыл суу участок | 745 | Алыскы |
| | **Жыйнтык:** | **6401 га** | |

**Бюджет**

**1. Жайыттарды мал жаюу жана башка максаттарда пайдалануунун жыйымдары**

| Жайыттардан алынуучу жыйым | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **№** | **Малдын түрү** | **саны** | **1 башка, жайыт пайдалангандыгы үчүн жыйым** | **Сезондук төлөмдүн жалпы суммасы** |
| 1 | Ийри мүйздүү малдар | 1800 | 150 | 270000 |
| 3 | Жылкы | 334 | 150 | 50100 |
| 5 | Кой-эчки | 17000 | 40 | 680000 |
| 6 | **Бардыгы:** | | | 1000100 |

**Киреше бөлүгү**

| **№ п/п** | **Көрсөткүчтөр** | **Суммасы сом** | **Квартал боюнча пландык кирешелер** | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | **I** | **II** | **III** | **IV** |
| 1 | Жайытты мал жандыктарын жаюуу максатында пайдалануудан түшкөн кирешелер | 1000100 | 0 | 300000 | 350000 | 350000 |
| 2 | Жайытты башка максаттарда пайдалануудан түшкөн кирешелер | 0 | | | | |
| | **Баардыгы** | **1000100** | | | | |

**2. Жайыттарды пайдалануу режими жана бузуу үчүн жоопкерчилик**

- Ички эрежелер

Мал жаюу мөөнөттөрү:
-жайыт сезону 15-апрелинен башталат (алыскы жайыт);
-жайыт сезону 30-ноябрына чейин аяктайт;
-жайлоого көчүрүү 31-майынан тартып, 10-июнга чейин;
-жайлоодон көчүрүп келүү 31-августан 1-ноябрга чейин;

- Жайыт сезонунда колго алып калууга уруксат берилген малдын саны: ийри мүйздүү малдар
- Жайыт акы төлөөнүн мөөнөттөрү:

-50%-15 апрелден кечиктирилбестен;
-50% 30-ноябрдан кечиктирилбестен;

- Жайытты башка максатта пайдаланган учурда, эс алууну жана туризмди уюштургандар үчүн:

-50% төлөмүн келишим түзүлгөн учурда;
-50% төлөмүн келишим түзүлгөндөн кийин 4 ай аралыгында.

- Жайытты башка максатта пайдалануу үчүн жыйым 100% төлөнөт.
- Жайыт келишимде көрсөтүлгөндөй малдын саны мал санактын маалыматтарына дал келиши керек.

- Малчылар жайыт келишими көрсөтүлгөн гана участокторго мал жаюууга милдеттүү.
- Баардык жайыт пайдалануучулар, жайытты пайдалануунун жогоруда көрсөтүлгөн режимдерин аткарууга милдеттүү.
- Жогорудагы жайыт режимин бузгандар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде жоопкерчиликке тартылат.

**Мал жаюу эрежелерин бузгандыгы үчүн жоопкерчилик**

Айдоо аянттарына кирген мал багуучулардын ээлерине төмөнкүдөй чаралар колдонулат:

-эгерде айдоо аянттарына мал жандыктар кирген болсо, мал багуучуларга бир жолу эскертүү берилет;

-эгерде мал жандыктар айдоо аянтына эскертүүдөн кийин кайталап кирген болсо, ийри мүйздүү малдар үчүн биринчи жолу айып пул 7500 сом, экинчи жолу айып пул 14000 сом, ал эми андан ашык кирген болсо анда айдоо аянттындагы чыгымды төлөө менен жана иш аксакалдар сотуна өткөрүлөт, аксакалдар соту айып пулдун суммасын белгилешет.

Манас шаарынын аймагындагы Чабандар тарабынан малдын акысын өзүм билемдик менен көтөргөндүгү үчүн Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндөгү кодексине ылайык жоопкерчиликке тартылат. Малды каттоого көрсөтпөсө жана башка жактан келген мал эсепке кирбесе, эки эсе айып пул төлөнөт. Ошондой эле жайыт келишим түзбөй жайытты пайдалангандыгы үчүн укук бузууларды колдоонуучу айып пулдан сырткары ар бир башка эки эсе жайыт акы төлөйт.

Манас шаарынын М.Конгантиев аймактык башкармалыгына караштуу Таттуу-Булак, Жапалак участкаларына, Саз жайлоосуна жана Т.Тайгараев аймактык башкармалыгына караштуу Тоо Кызыл-Суу айылындагы Таш-Булак жайлоосуна кетүүчү жолдорду сүрүп, оңдоп, ошондой эле М.Конгантиев аймактык башкармалыгына караштуу Таттуу-Булак жана Сасык участкаларындагы көпүрөлөрдү бетондоп, оңдоо боюнча иш аракет жүргүзүү жагы Манас шаарынын мэриясына жүктөлсүн.

Кунарсыз жайыт аянттарына себилген чөп уруктарга биоорганикалык комплекстүү жер семиркичтерин колдону боюнча иш алып баруу. Ошондой эле 2026-жылга бөлүнүп берилген чөп уруктарды өз убагында себүү боюнча иш аракет жүргүзүү жагы Манас шаарынын мэриясына, Манас шаарынын мэриясынын Жер ресурстар башкармалыгына жүктөлсүн.

**Жооптуу катчы** **Г.Осмонова**